IDLO
Creating a Culture of Justice
International Development Law Organization

European Bank
for Reconstruction and Development

Кыргыз Республикасындагы **коммерциялык** келишимдерде колдонуу үчүн

# Медиативдик эскертмелер







# Медиативдик эскертмелер

Кыргыз Республикасындагы коммерциялык келишимдерде колдонуу үчүн

Ушул документ ЕРӨБ акционерлеринин Атайын корунан каржылануучу «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык медиация (Фаза 2): COVID-19га жооп» Европанын реконструкция жана өнүктүрүү банкынын долбоору алкагында Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюм (IDLO) тарабынан даярдалган.

Ушул медиативдик эскертмелерди жана түшүндүрүүлөрдү иштеп чыккан «Консенсус» юридикалык компаниясы алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүсүн ырастайт.

Техникалык кызматташуунун бул долбоору ЕРӨБ ишке ашырып жаткан Укуктук реформалар программасынын бөлүгү болуп саналат. Кошумча маалымат алуу үчүн кийинки шилтемени карагыла: https://www.ebrd.com/what-we-do/sectors/legal-reform.html



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization

European Bank for Reconstruction and Development

## МАЗМУНУ

МЕДИАЦИЯ ДЕГЕН ЭМНЕ? .......... 3

МЕДИАЦИЯ ПРОЦЕССИН ӨТКӨРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ: .......... 4

МЕДИАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРТМЕНИ КАЙСЫ ЭТАПТА КОЛДОНСО БОЛОТ? .......... 7

МЕДИАТОРДУ КАЙДАН ТАПСА БОЛОТ? .......... 7

1. ЖӨНӨКӨЙ МЕДИАТИВДИК ЭСКЕРТМЕ .......... 8

2. ДЕТАЛДУУ МЕДИАТИВДИК ЭСКЕРТМЕ .......... 10

3. БЕЙТАРАП ЭСКЕРТМЕНИН КУРАМЫНДАГЫ МЕДИАТИВДИК ЭСКЕРТМЕ .......... 15

4. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН СОТКО ЧЕЙИНКИ ТАРТИБИНДЕ МИЛДЕТТҮҮ ЭМЕС ПРОЦЕДУРА КАТАРЫНДАГЫ МЕДИАТИВДИК ЭСКЕРТМЕ .......... 17



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization

European Bank for Reconstruction and Development

## Медиация деген эмне?

**Медиация** – бул үчүнчү жактын же жактардын («медиатордун») жардамы менен талашты ынтымакташып чечүүнүн жана жөнгө салууга жетишүү үчүн тараптар пайдалануучу усул. Медиация «Медиация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июнундагы № 161[1] Мыйзамынын жоболору менен жөнгө салынат.

**Медиациянын негизги принциптери** болуп процедурага ыктыярдуулук менен катышуу, медиация тараптарынын кызматташтыгы жана тең укуктуулугу, медиатордун бейтараптыгы, купуялуулугу саналат.

Медиация бизнеске талаштуу жана чырлуу кырдаалдарда өз ара алыгылыктуу чечим табууга жардам берет. Процедура сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн конструктивдүү ыгын болжойт жана көп учурда башынан туңгуюктуу болуп көрүнгөн кырдаалдарды макулдашууга алып келет.

**Медиатор** – атайын билим алган бейтарап жак, ал кырдаалды туш тараптан карап чыгууга, ар бир тараптын көз карашы менен муктаждыктарын түшүнүүгө жана жалпыга алгылыктуу чечимди иштеп чыгууга жардам берет.

[1] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111668



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

Медиация процессин өткөрүүнүн артыкчылыктары:

- Жалпыга кеңири салууну/кабыл алынган чечимди жарыялоону болжобогон купуя процесс (медиатор жана тараптар сүйлөшүүлөрдү процессте да, алар аяктагандан кийин да сыр бойдон сактоого милдеттүү) болуп саналат.
- Медиация көптөгөн соттук процесстерден айырмаланып талаштын тараптары ортосунда андан аркы кызматташуу үчүн мүмкүндүктү сактоого жана катышуучулардын кадырын түшүрбөөгө болушунча жардам берет.

- Медиация процесси конкреттүү талашта өз ара алгылыктуу чечимди табууга гана багытталган. Тараптар көйгөйдү чечүүнүн альтернативдүү варианттарын оппоненттерге сунуштай алат, сотто анткенге болбойт.

- Талаштын ынтымак менен аяктоосу бизнести кыйла үзүрлүү ишкердик үчүн анын жолун ачып, юридикалык жана башка чыгымдарга учуратпай, (соттук жана арбитраждык процесстерге салыштырмалуу) олуттуу үнөмдүүлүктү камсыз кылат.

*Медиативдик эскертме деген эмне жана аны эмне үчүн келишимге киргизүү керек?*

Медиативдик эскертме – бул келишимдин тараптары ортосунда талаш пайда болгон учурда медиацияны колдонуу мүмкүндүгүн караштырган келишимдеги (контракттагы) шарт.

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө медиация мүмкүндүгү жөнүндө эскертмени коммерциялык келишимдерге киргизүү стандарт болуп саналат. Медиативдик эскертме ишкерлерге соттук же арбитраждык талаштын ордуна, же соттогу териштирүү менен бирге медиация процедурасын демилге кылууга жол берет.

Медиативдик эскертмелер эки түрдүү болот: **милдеттүү жана милдеттүү эмес.**

**Милдеттүү медиативдик эскертме** талаш пайда болгон учурда медиация процедурасынын өткөрүлүшүнүн милдеттүүлүгүн караштырат. Келишимдин тараптары медиациядан кийин гана сотко же бейтарап сотко кайрыла алат (1,2 жана 3-эскертмени карагыла).

**Милдеттүү эмес медиативдик эскертме** талаш пайда болгон учурда тараптар үчүн медиация процедурасын тандоо же сотко, бейтарап сотко кайрылуу мүмкүндүгүн караштырат (4-эскертмени карагыла).



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

Медиативдик эскертмени киргизүү эч кандай чыгымдарга алып келбейт (мисалга карата так калыпка салынган жана киргизүүгө даяр эскертмелер сунушталат, колдонуудагы документтен көчүрүлүп, келишимге киргизилет). Келишимде медиативдик эскертменин камтылышы тараптарды келишпестиктер пайда болгон учурда ийри отуруп, түз сүйлөшүүгө мажбур кылат. Эгер тараптар медиация процессинде бир чечимге келишпесе (1, 2, жана 3-эскртмени карагыла), же болбосо эскертме тараптар үчүн сотко кайрылуу вариантын ачык калтырган болсо (4-эскертмени карагыла), медиация жөнүндө эскертменин болушу - сотко кайрылууга тыюу салбайт.

Эгер медиация процедурасы келишимде камтылбаган болсо дагы, тараптардын бирдей макулдугу боюнча медиация процедурасын колдонсо болот. Мында тараптардын бири медиация процедурасынан баш тартууга жана сотко кайрылууга укуктуу, анткени ал талашты медиация жолу менен милдеттүү сотко чейин жөнгө салуу милдеттенмесине байланган эмес.

## Медиация жөнүндө эскертмени кайсы этапта колдонсо болот?

Талаш биринчи жолу пайда болгон учурда, тараптар үчүнчү жактарды тартпастан, сүйлөшүүлөр жолу менен өз алдынча чечүүгө аракет кылса болот. Эгер тараптар ортосунда пайда болгон талашты өз алдынча чечише албаса (мисалы, талашты чечишүү өткөрүлгөн алдан ала сүйлөшүүлөр жыйынтык алып келген жок), эгер эскертме медиация жолу менен милдеттүү сотко чейинки же соттук териштирүүнүн стадиясында жөнгө салууну караштырган болсо, тараптар талашты сотко кайрылганга чейин, талашты чечишүүнүн кайсы болбосун стадиясында медиаторду чакыра алышат.

## Медиаторду кайдан тапса болот?

Кыргызстан медиаторлорунун республикалык жамааты – медиаторлордун өз алдынча иш алып барган уюму - медиация процедурасын өткөрүү үчүн медиатордун күбөлүгүн алган медиаторлордун реестрин жүргүзөт. Медиаторлордун жалпы республикалык реестрин кийинки шилтемеден онлайн көрсө болот - http://mediator.kg/mediators/

## 1. Жөнөкөй медиативдик эскертме

<u>*Негизги текст:*</u>

***«Ушул келишимден (макулдашуудан) же ага байланыштуу келип чыккан бардык талаштар, келишпестиктер, дооматтар жана талаптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык медиация процедурасы аркылуу жөнгө салынууга жатат.***

***[кошумча: Медиация процедурасын демилге кылган тарап биринчи жолу кайрылган күндөн тартып ________ ичинде (календардык күндүн саны көрсөтүлөт), эгер тараптар ортосунда талаш медиативдик макулдашууга кол коюу жолу менен медиация аркылуу, же тараптар медиация[2] процессинде башка мөөнөттү белгилеген учурда чечилбесе, же «Медиация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык медиация токтотулса, мындай талашты тараптардын бири Кыргыз Республикасынын сотторунун кароосуна өткөрүп бериши мүмкүн».***

[2] «Медиация жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгү «Медиация жүргүзүү мөөнөттөрү медиацияны колдонуу жөнүндө келишимде аныкталат жана алтымыш календардык күндөн ашпоого тийиш. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү медиация тараптарынын макулдашуусу боюнча отуз календардык күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.» деп караштырат.

*Түшүндүрмө:*

Бул эскертме ар кандай коммерциялык келишимге киргизилиши мүмкүн (сатуу-сатып алуу, жабдуу, ижара, кызмат көрсөтүү, подряд ж.б.) жана тараптар ортосунда келчекте пайда болушу мүмкүн талашты сотко чейин чечишүүнүн милдеттүү процедурасы катары медиация процедурасын жалпы түрдө бекитүүгө жардам берет. Медиация процедурасын жүргүзүү шарттары (медиация процедурасын жүргүзүү үчүн тилди тандоо, колдонулуучу укукту тандоо, чыгымдарды бөлүштүрүү тартиби ж.б.) медиацияны[3] колдонуу жөнүндө келишимде тараптар бекитиши мүмкүн. Ал келишимди тараптар талаш пайда болгон жана медиация процедурасы демилге болгон учурда түзүшөт.

Келишимге мындай эскертмени киргизүүнүн укуктук кесепети мындай талаш пайда болгон учурда, тараптар медиация процедурасын жүргүзгөндөн кийин гана келишим сотто каралышы мүмкүн. Кызыктар тарап талашты чечүү үчүн адегенде медиация процедурасын демилге кылууга тийиш, анан ошондо гана, эгер талаш медиация алкагында чечилбесе, тарап сотко кайрылышы мүмкүн. Эгер кызыктар тарап медиация процедурасын жүргүзбөстөн, сотко тикелей кайрылган болсо, сот талашты келишимде белгингендей чечишүүнүн

[3] Медиацияны колдонуу жөнүндө келишимдин үлгүлөрүн Медиаторлордун республикалык жамаатынын сайтындагы бөлүмүнөн [бөлүмдүн аталышын көрсөткүлө] кийинки шилтемеден карагыла: [эскертменин варианттары менен МРЖ сайтына шилтемени көрсөткүлө]

сотко чейинки тартиби сакталбаганына байланыштуу мындай доону кайтарып берет же кароосуз калтырат.

## 2. Деталдуу медиативдик эскертме

*Негизги текст:*

***1-учур (медиаторлор уюмуна кайрылган учурда)***

***Ушул келишимден (макулдашуудан) жана ага байланыштуу келип чыккан бардык талаштар, келишпестиктер, дооматтар жана талаптар бир (эгер бирден ашык болсо, саны көрсөтүлөт) медиатордун катышуусу менен Кыргыз Рсепубликасынын Мыйзамдарына жана тандалып алынган медиаторлор уюмунун эрежелерине ылайык медиация процедурасы аркылуу жөнгө салынууга жатат.***

***Тараптар медиациялык процедураны жүргүзүү үчүн _________ тилди (тараптар медиативдик процедураны өткөрүү үчүн тандалып алынган тил көрсөтүлөт ) аныкташты.***

***Ар бир тарап медиацияга кеткен чыгымдарды бирдей үлүштө тартат, ошондой эле өзүнүн чыгымдарын өзү жабат.***

***Медиация процедурасын демилге кылган тарап биринчи жолу кайрылган күндөн тартып ________ ичинде (календардык күндүн саны көрсөтүлөт), эгер тараптар ортосунда талаш***

***медиативдик макулдашууга кол коюу жолу менен медиация аркылуу, же тараптар медиация[4] процессинде башка мөөнөттү белгилеген учурда чечилбесе, же «Медиация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык медиация токтотулса, мындай талашты тараптардын бири Кыргыз Республикасынын сотторунун кароосуна өткөрүп бериши мүмкүн.***

***2-учур (бир медиаторго кайрылган учурда)***

***Ушул келишимден (макулдашуудан) жана ага байланыштуу келип чыккан бардык талаштар, келишпестиктер, дооматтар жана талаптар бир (эгер бирден ашык болсо, саны көрсөтүлөт) медиатордун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык медиация процедурасы аркылуу жөнгө салынууга жатат.***

***Талаш пайда болгон учурда тараптардын бири экинчисине талаш предметин, талаштын чечилүү вариантын жана медиатор(лор) катары ким талапкер(лер) болоорун көрсөтүү менен медиация процедурасын демилге кылуу жөнүндө жазуу***

[4] «Медиация жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгү «медиация жүргүзүү мөөнөттөрү медиацияны колдонуу жөнүндө келишимде аныкталат жана алтымыш календардык күндөн ашпоого тийиш. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү медиация тараптарынын макулдашуусу боюнча отуз календардык күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.» деп караштырат.

***жүзүндөгү билдирүүнү экинчи тарапка жөнөтөт. Тараптар медиатордун(лордун) тандалып алынган талапкери менен бирге сүйлөшүп, медиация процедурасын демилге кылган тараптан билдирүү алынган күндөн 15 календардык күндөн (же тараптардын макулдашуусу боюнча башка мөөнөттө) кечиктирбестен тандалып алынган медиатор (медиаторлор) менен медиация процедурасын колдонуу жөнүндө келишимге кол коюшат.***

***Тараптар медиациялык процедураны жүргүзүү үчүн _________ тилди (тараптар медиативдик процедураны өткөрүү үчүн тандалып алынган тил көрсөтүлөт ) аныкташты.***

***Ар бир тарап медиацияга кеткен чыгымдарды бирдей үлүштө тартат, ошондой эле өзүнүн чыгымдарын өзү жабат.***

***Медиация процедурасын демилге кылган тарап биринчи жолу кайрылган күндөн тартып ________ ичинде (календардык күндүн саны көрсөтүлөт), эгер тараптар ортосунда талаш медиативдик макулдашууга кол коюу жолу менен медиация аркылуу, же тараптар медиации[5] процессинде башка мөөнөттү белгилеген учурда чечилбесе, же «Медиация жөнүндө» Кыргыз***

[5] «Медиация жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгү «медиация жүргүзүү мөөнөттөрү медиацияны колдонуу жөнүндө келишимде аныкталат жана алтымыш календардык күндөн ашпоого тийиш. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү медиация тараптарынын макулдашуусу боюнча отуз календардык күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.» деп караштырат.



IDLO
Creating a Culture of Justice
International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

***Республикасынын Мыйзамына ылайык медиация токтотулса, мындай талашты тараптардын бири Кыргыз Республикасынын сотторунун кароосуна өткөрүп бериши мүмкүн.***

*Түшүндүрмө:*

Бул эскертме ар кандай коммерциялык келишимге киргизилиши мүмкүн (сатуу-сатып алуу, жабдуу, ижара, кызмат көрсөтүү, подряд ж.б.) жана тараптар ортосунда келчекте пайда болушу мүмкүн талашты сотко чейин чечишүүнүн милдеттүү процедурасы катары медиация процедурасын жалпы түрдө бекитүүгө жардам берет.

Деталдуу эскертме эки учурду болжойт. Биринчи учурда медиацияны жүргүзүү үчүн медиаторлор уюмун тандоо болуп саналат. Экинчи учурда кайсы бир медиаторлордун бирин тандоо болуп саналат жана аларды тараптар жактан тандоо тартиби аныкталат

Мында, биринчи жана эки учурда тең медиация тилин жана тараптар ортосунда чыгымдардын бөлүштүрүлүү тартибин аныктоо сыяктуу медиативдик процедураны жүргүзүүдө бир катар маанилүү шарттардын бекитилишин тараптар жактан макулдашылуусун болжойт.

Тараптар медиацияны жүргүзүүдө бардык жогоруда көрсөтүлгөн шарттарды, же болбосо, өзүнүн тандоосу боюнча алардын бир бөлүгүн гана макулдашып, киргизе алышат. Мындай учурда тараптар медиативдик эскертмеге киргизилбеген шарттарды медиацияны жүргүзүү жөнүндө келишимди түзүү этабында макулдашылуусу мүмкүн.

Келишимге мындай эскертмени киргизүүнүн укуктук кесепети мындай талаш пайда болгон учурда, тараптар медиация процедурасын жүргүзгөндөн кийин гана келишим сотто каралышы мүмкүн. Демек, тараптар талашты медиация процедурасын жүргүзүү жолу менен чечүүгө аракет кылыш керек, анан ушул процедура алкагында макулдушууга жетишпеген учурда гана, тараптар соткой кайрылууга укуктуу. Кызыктар тарап талашты чечүү үчүн адегенде медиация процедурасын демилге кылууга тийиш, анан ошондо гана, эгер талаш медиация алкагында чечилбесе, тарап сотко кайрылышы мүмкүн. Эгер кызыктар тарап медиация процедурасын жүргүзбөстөн, сотко тикелей кайрылган болсо, сот талашты келишимде белгингендей чечишүүнүн сотко чейинки тартиби сакталбаганына байланыштуу мындай доону кайтарып берет же кароосуз калтырат.

## 3. Бейтарап эскертменин курамындагы медиативдик эскертме

*Негизги текст*:

***«Ушул келишимден (макулдашуудан) жана ага байланыштуу келип чыккан бардык талаштар, келишпестиктер, дооматтар жана талаптар Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык медиация процедурасы аркылуу жөнгө салынууга жатат.***

***Медиация процедурасын демилге кылган тарап биринчи жолу кайрылган күндөн тартып ________ ичинде (календардык күндүн саны көрсөтүлөт), эгер тараптар ортосунда талаш медиативдик макулдашууга кол коюу жолу менен медиация аркылуу, же тараптар медиации[6] процессинде башка мөөнөттү белгилеген учурда чечилбесе, же «Медиация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык медиация токтотулса, мындай талаш ушул документке (жөнгө салуучу документ көрсөтүлөт) ылайык тандалып алынган үч калыстан турган (бир калыстан турган вариант - тандалып алынган бейтарап соттун жөнгө салуучу документтин ченемине ылайык)***

[6] «Медиация жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгү «медиация жүргүзүү мөөнөттөрү медиацияны колдонуу жөнүндө келишимде аныкталат жана алтымыш календардык күндөн ашпоого тийиш. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү медиация тараптарынын макулдашуусу боюнча отуз календардык күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.» деп караштырат.



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

***__________ Бейтарап сотто (Бейтарап соттун аталышы көрсөтүлөт) чечилүүгө жатат.***

***Бейтарап териштирүү __________ (бейтарап териштирүүнүн тили көрсөтүлөт) тилде жүргүзүлүүгө тийиш. Бейтарап соттун __________ (бейтарап соттун аталышы көрсөтүлөт) чечими акыркы болуп саналат.***

*Түшүндүрмө:*

Бул эскертме ар кандай коммерциялык келишимге киргизилиши мүмкүн (сатуу-сатып алуу, жабдуу, ижара, кызмат көрсөтүү, подряд ж.б.)  жана бейтарап териштирүү алкагында каралууга тийиш талашты сотко чейин чечишүүнүн милдеттүү процедурасы катары медиация процедурасын бекитүүнү караштырат. Бул эскерткич арбитраждык эскерткич түрүндөгү бейтарап макулдашууну да камтыйт, бул тараптар үчүн медиативдик процедура алкагында чечилбеген талашты бейтарап сотко өткөрүп берүүнү милдеттендирет.

Мындай эскертменин келишимге киргизилишинин укуктук кесепети – талашты милдеттүү сотко чейинки жөнгө салуу тартиби медиативдик процедуранын сакталбаганы ишти бейтарап сотто кароо үчүн тоскоолдук болуп калышы мүмкүн. Мындай кесепеттер тараптардын тандалып алынган жана колдонулуучу укук менен



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

тандалып алынган бейтарап соттун жөнгө салуучу документинен улам кыйла так аныкталышы мүмкүн.

Бейтарап териштирүү бөлүгүндөгү бул эскертме Кыргыз Республикасындагы мыйзамдары менен бейтарап соттун чечүүсүнө өткөрүлүп берилүүгө мүмкүн болбогон талаштарды чечүү үчүн колдонулушу мүмкүн эместиги эске алынууга тийиш.

## 4. Талаштарды чечүүнүн сотко чейинки тартибинде милдеттүү эмес процедура катарындагы медиативдик эскертме

*Негизги текст*:

***«Ушул келишимден (макулдашуудан) жана ага байланыштуу келип чыккан бардык талаштар, келишпестиктер, доомattар жана талаптар Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык медиация процедурасы аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн. Мында талашты кайсы тарап болбосун Кыргыз Республикасынын сотторунда түздөн-түз каратуу үчүн кайрылууга укуктуу.***

*Түшүндүрмө:*

Бул эскертме ар кандай коммерциялык келишимге киргизилиши мүмкүн (сатуу-сатып алуу, жабдуу, ижара, кызмат көрсөтүү, подряд ж.б.)  жана тараптар медиативдик процедураны



IDLO Creating a Culture of Justice International Development Law Organization
European Bank for Reconstruction and Development

сотко чейин чечишүү процедурасы катары медиация процедурасынын милдеттүүлүгүн бекитпестен пайдалануу мүмкүндүгүн караштырат. Эскертме тилди, колдонулуучу укукту, чыгымдарды бөлүштүрүү тартибин ж.б. тандоого байланыштуу компоненттер менен да толукталышы мүмкүн.

Бул эскертмени келишимге киргизүүнүн укуктук кесепети болуп тараптар ортосунда талаш пайда болгон учурда кызыктар тарап өз тандоосу боюнча талашты медиативдик процедура тартибинде же белгиленген карамагына ылайык сот органдарына түздөн-түз кайрылууга укуктуулугу саналат. Мында кайсы бир тараптын медиация процедурасын жүргүзүүдөн/жүргүзбөөдөн баш тартуусу талашты сотто каратуу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.



IDLO
Creating a Culture of Justice
International Development Law Organization

European Bank
for Reconstruction and Development